УДК: 94(575.2)

Муканбетова Р.Б.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АБДЫЛДАБЕК АЛЫМБЕК ДАТКА УУЛУ

*Бул макалада автор Алымбек датканын жана Курманжан датканын уулу Абдылдабектин Кокон хандыгынын мезгилинде, өзгөчө, Кудаярхандын учурунда кылган кызматын жана Россия империясы басып алган учурда, анын аларга каршы күрөшүн баяндаган.*

*Негизги сөздөр: Абдылдабек, Алымбек датка, Кокон хандыгы, Алай ханышасы, Россия империясы, Ош вилаети, генерал Скобелев.*

Алымбек датка Кокон хандыгынын саясий жашоосунда көрүнүктүү орунду ээлеген. 1831-жылы Мадали-хандан датка титулун алган [1]. Алымбек датка эл арасында урмат-сыйга ээ болгон. Акылдуулугу, акыйкаттуулугу, адамгерчиликтүүлүгү, эр жүрөктүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн. Алымбек даткага алысты көрө билүүчүлүк мүнөз да таандык. Профессор Ө.Осмонов белгилеп өткөндөй, ал Ормон хан, Жантай, Жангарач, Осмон ж.б. атактуу манаптар башында турган түндүк кыргыздар менен дагы тыгыз байланышта болгон.

Ал эми Абдылдабек - Алымбек датка менен Курманжан датканын уулу, Алайлык жана Ферганалык кыргыздардын чыгаан төбөлдөрүнүн бири. Алымбек датка менен Курманжан датка балдарын элин, жерин сүйүүгө, элинин жыргалчылыгы үчүн кызмат кылууга тарбиялашкан. Курманжан датка - Алай кыргыздарынын башкаруучусу, «Алай ханышасы» деген ат менен белгилүү. Ал уруулар арасындагы ички талаш-тартыштарды жөнгө салууда чоң салым кошкон. Кокон хандыгынан көз карандысыз болуу саясатын жүргүзгөн. Белгилүү шарттарга байланыштуу, алайлык кыргыздардын Россиянын курамына киришине түрткү болгон. Алымбек датканын 5 баласы болгон. Абдылдабек (1837-1876) Баатырбек (1839-1885), Маамытбек (1843-1913), Асанбек (1849-1909) жана Камчыбек (1849-1895).

Алар атактуу үй-бүлөлөрдүн мурасчылары катары Кокон хандыгынын мезгилинде, ошондой эле Россия империясы учурунда башкаруу системасында маанилүү орундарды ээлеген. Алардын бардыгы калк арасында атактуу ата-энесинин аты менен жана өздөрүнүн эмгектери менен чоң кадыр-баркка ээ болушкан.

Абдылдабек колонизация учурунда, Кыргызстандын түштүгүн Россия империясы басып алган мезгилде өз элинин тарыхында белгилүү из калтырган. Ал кыргыз элинин тарыхый инсандарынын бири болгон, бирок анын жашоо-турмушу үстүртөдөн, аз изилденген.

1862-1865-ж. Ош вилаетинин беги болуп Алымбек датканын бакма уулу Жаркынбай турган. Жаркынбай Ташкенттин алдында генерал А.Черняевдин армиясы менен согушта курман болуп, натыйжада, Абдылдабек Кудаяр хан тарабынан Ош вилаетинин беги болот жана 1865-1875-жылдары кызмат кылган [2]. Демек, Абдылдабектин Ош шаарына карата түздөн-түз мамилеси бар экендигин билебиз. Кокон хандыгы мезгилинде Ош шаарынын беги, акими болгон. Кээ бир маалыматтарга караганда, Андижандын да беги болгон. Өз мезгилинде Оштун тургундарынан, ага жакын райондордон салык чогултууга

жана башкарууга укук алган. Атасынын көп сапаттарына ээ болгон. Абдылдабек өзүнүн эли жөнүндө кам көргөн, алардын кызыкчылыгын коргогон. Ош шаарындагы Алымбек датканын медресесин камсыз кылып турган. Мындан сырткары, канал, көпүрө, жолдордун курулушуна дагы көп каражат жумшаган.

Кудаяр хан, бизге белгилүү болгондой, 3 жолу тактыга отурган. Үчүнчү жолку бийликке келүүсүндө 1865-жылы Абдылдабекке **датка** деген наам берген. Бирок датка наамынын берилиши көпчүлүктөр үчүн белгисиз. Бул жөнүндө Кудаярхандын Абдылдабекке берген **инайетнамэсинде жазгандыгын профессор Абытов тастыктайт [3].**

Датка наамынын берилиши боюнча ар кандай пикирлер бар. Кээ бирлеринин ою боюнча, Кудаяр хандын мындай кадамды кылышына ички коомдук саясий бытырандылык түрткү болгон дешет. Анткени Абдылдабектин өзү жана анын жетекчилиги астында кыргыздардын колдоосу керек болгон. Башка пикир боюнча, мындай наам 1875-жылы Кудаяр хан бийлиги бошоңдой калганда берилген деген деп айтылат.

Демек, 1- жана 2-учурда Кудаяр хан Абдылдабекке мындай бийик даражаны берүү менен, өзү тарапка Алымбек датканын мурасчысынын, Алай, Оштун гана кыргыздарын эмес, бардык түштүк кыргыздардын колдоосуна ээ болуу аракети болгону көрүнүп турат.

Падышачылык бийлик жана анын эркин иш жүзүнө ашырган Түркстан генерал-губернатору Алайдын Россия империясына багынып беришин талап кылышкан. Ошондуктан датканын балдары тоолуу жердин мүмкүнчүлүктөрүн душманга каршы толук пайдаланышып, баскынчыларга каршы салгылашууга аракет кылышкан. Архивдик маалыматтарда 1876-ж. апрелде Абдылдабек 1500 адамдан турган отряд топтогону жөнүндө айтылат [3].

Бул тууралуу академик Б. Жамгырчинов: «Россияга бет алуунун алда канча чечкиндүү душмандарынын арасынан чыккан адамдардын басымдуу бөлүгү, ири бай - манаптардын жана аскер башчылардын жоон тобу Алайга качып кетүүгө үлгүрүштү. Алардын арасында мурдагы Анжиян вилаетинин акими Абдылдабек эң көрүнүктүү адамдардан болгон» -деп көрсөтсө, ошол окуянын катышуучусу, орус армиясынын офицери Б.Л.Тагеев: «Алайда көтөрүлүш чыкты. Алайдын тоолуу райондору толкундап, кайнап жана кайраттуу баатырлардын катары жаңы күчтөр менен толукталып жатты. Багындырылган Ферганадан качкан кыргыздар жана өзбектер **Абдылдабектин** Алайдын мөңгүлүү тоолорунан жаңырган бийик ураанына жооп кылып, агылып келип жатышты»-деп жазган [1].

Скобелев Абдылдабек менен тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн ага багыттап кат жөнөтөт. Аны Шабдан Жантаев жигиттери менен алып барат. Ал катта Абдылдабек өз ыктыяры менен багынса, жогорку абройлуу жана күч-кубаттуу генерал - губернатордун (фон Кауфмандын) боорукерлигине жана ырайымына бөлөнө тургандыгы жазылган. Абдылдабек жооп кылып: «Сиздин убактылуу жарашуу жөнүндөгү катыңызды алдык. Сиз мойнуңузга алган милдеттенмени бузуп, бир канча бийлерди Сибирге айдаттыңыз. Мунун баары сизге карата ишенбөөчүлүктү пайда кылды жана сизден чочулаганыбыздан каршылык көрсөтүп тоого кетүүгө аргасыз болдук. Биз көчмөнбүз, бирок бизге да оокат-мүлк,

байлык башка турмуштук жыргалчылыктар да керек» - деп жооп берүү менен, Абдылдабек орус генералдарына колго түшүп берүүдөн баш тарткан [1].

Абдылдабектин өз ыктыяры менен багынбашына көзү жеткен генерал Скобелев аны колго түшүрүү үчүн **1876-жылы 22-июлда** толук куралданган аскерлер менен Оштон чыгып, 26-июлда Сопу-Коргонго келген. Солдаттарга 1 күндүк тыныгуу берүү менен, тыңчыларын туш тарапка чаптырат.

Абдылдабек баштаган көтөрүлүшчүлөр **4280 м** бийиктеги Кызыл-Арт ашуусу аркылуу өтүүчү Тоолуу Бадахшандын чек арасында тургандыгы жөнүндө маалымат алат.

30-июлда капитан Боголюбов менен полковник Витгенштейн Шабдандын жигиттери менен бирдикте Абдылдабектин тобун капысынан колго түшүрүүнү чечет. Бирок Чоң-Суудан кыргыздарды таппай калат. Алар экиге бөлүнүп кетишет. Абдылдабекти ээрчиген күчтөр Чоң-Суу капчыгайын өрдөп, Кашкар менен Шугнан аймагынын чөлдүү жерлерине алып баруучу Туюк-Суу капчыгайы аркылуу Ооганстанга бет алышкан.

Генерал Скобелев ошондон соң Алай багынды деп эсептеп, **1876-ж 5-августта** Түркстан округунун башкы командычыларына телеграмма жөнөтөт. Бирок көтөрүлүшчүлөр андан кийин да бир топ убакытка чейин каршылыктарын токтотушкан эмес.

«Биз күжүрмөн жоокерлер менен биринчи жолу беттешип отурабыз жана карапайым калк менен күрөшүү хандыктар менен күрөшкөнгө караганда алда канча оор экенин билдик»-деп жазган орус генералы [3].

Чындыгында, Алай тоолорундагы кармаштар орус аскерлери үчүн ыңгайсыз татаал шарттарда жүргөн. Көтөрүлүшчүлөр баскынчыларга катуу каршылык көрсөтүшкөн. Жазалоочулар эч кимди аяган эмес.

Курманжан датка өзүнүн жана башка башкаруучулардын номиналдык эркиндигин сактап калууга аракет кылган. Анткени ал орустардын бийлиги астында мурункудай эркиндиктин болбой тургандыгын жакшы түшүнгөн. Ал жаңы башкаруу режими учурунда кыргыздардын уруу башчыларынын башкаруу иштерине кийлигишүүсүнө жеткен.

Курманжан датка: «Өжөрлүккө салып, мындан ары да каршылык көрсөтүү - өз эрки менен өлүмгө башты тозуп берүү дегендикке жатат, куру намыска азгырылып, күчтүү душман менен кармаша берсек, бөөдө карапайым эл кырылат, кыргынга кабылганча эпке келүү керек» -деген жыйынтыкка келип, мындан ары салгылашуу натыйжасыз экендиги жөнүндө өзүнүн оюн билдирип, Абдылдабекке Асанбекти жиберет. Бирок айтканынан кайтпаган Абдылдабек энесинин сөзүнө көнгөн эмес.

Андан ары Абдылдабек Меккеге жол тартмакчы болот, бирок оор жараттан жабыр тарткан баатыр күтүүсүз көз жумат. Ал жолдошторуна сөөгүн туулган жери Алайга алып барып көмүүнү тапшырган. Арадан бир жыл өтүп, орустар менен Курманжан датка өз ара ымалага келип, тынч жашоо башталгандан кийин жигиттери Абдылдабектин керээзин аткарышып, анын сөөгүн Алайга алып келишкен.

Белгилүү француз изилдөөчүсү **Реми Дор** тарабынан памирлик кыргыздардан жазылып алынган Абдылдабектин тагдыры жөнүндөгү тарыхый маалымат өзгөчө кызыгууну туудурат. Анын ***«Песни крыши мира, Курман-Бек датка»*** деп аталган ыр түрүндөгү баяны Абдылдабектин өмүрүнүн

акыркы мезгилдери жөнүндө маалымат менен Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүндө сакталган Абдылдабек жөнүндө ырдын мазмуну бирин-бири толуктап турат. Окумуштуулардын пикирине караганда, ыр 1876-жылга таандык жана ал Абдылдабектин жан-жөкөрлөрү тарабынан чыгарылышы ыктымал. Анда Абдылдабектин Кабул шаарына чейин басып өткөн жерлери, Амир Шералыга (Ооганстандын ханы) элчиликке жөнөткөнү жөнүндө маалыматтар берилет.

Абдылдабек куралын таштабады. Анын акыркы күчтөрүн Витгенштейн 8-сентябрь күнү Сох өрөөнүнүн баш жагында талкалагандан кийин гана ал иниси Мамытбекти кошуп, Ооганстан тарапка өтүп кетти. Ал жакта Меккеге барууга даярданып жатып көз жумду. Мамытбек агасынын сөөгүн балга ороп Алайга алып келген деген маалымат санжырада айтылат [4].

Күз айларында алайлыктардын наразычылыктарын басып, орус бийликтерин биротоло таанытууга көмөк алуу үчүн Скобелев Курманжан датка менен Мадыда жолугушууга мажбур болду. Алай калкын тынчытуу үчүн Курманжан убада берди, бирок Скобелевге көтөрүлүшкө катышкандарды куугунтуктабоо, туткунда калган алайлык кыргыздарды бошотуу, уулдарынын мекенине кайтышына тоскоолдук кылбоо сыяктуу шарттарды койгон. Ошондон кийин гана толкундоолор токтоп, Кауфман 1877-жылдын январь айында Петербургга Кокон хандыгынын мурунку чөлкөмдөрүндөгү толук жеңиш жөнүндө телеграмма жибере алды.

«Сөөгүмдү кара жерге бергиле, жүрөгүмдү ак кийизге ороп, ат тизгинин кайра тарткыла, насип буйруп, жети кылым жети атабыз мекендеген жерге жетсеңер, гүл баскан дөңгө түшүп чуңкур казып көмгүлө... Жүрөгүм жат жерде калбасын, жүрөгүм өз мекенимде жатсын» деген ыр саптары кездешет [3].

Бирок өз элинин эркиндигин туу туткан Абдылдабек көздөгөн максатына жетпей каза болгон.

Кыргызстандын көз карандысыздыгы жана суверинетети аркылуу совет доорунда изилденбестен калган көптөгөн улуу инсандарыбыздын даңктуу аттары калыбына келүүдө. Алардын катарына биз жогоруда сөз кылган Абдылдабектин ысымын киргизе алабыз.

**Адабияттар:**

1. Сапаралиев Д. Шабдан баатырдын кыргыз биримдиги үчүн кылган кызматы. //Рух кенчи, июнь, 2015-ж.
2. Молдокасымов К. Курмнжандын көз жашы. -Бишкек, 1991.
3. Абытов Б.К. Взаимоотношение Полот хана и Абдылдабека Алымбек уулу во время восстания в 1875-76 годах // интернет ресурс.
4. Кененсариев Т. Кыргызстандын Орусияга каратылышы. -Б., 1997.